# ЭЛДИК КААДА-САЛТ ЖАНА ҮРП-АДАТТАРДЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК-ПСИХОЛОГИЯЛЫК БЕЛГИЛЕРИ

**ТОКСОНБАЕВ РЫСКЕЛДИ**
*БГУ, п.и.д.,профессор*

**ЭРКАН БЕНЛИОГЛУ**
*БГУ, аспирант*

Каада-салт менен үрп-адаттарга расмий документтерде («Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк каада-салттарды, урп-адаттарды, ырым-жырымдарды жана майрамдык салтанаттарды тартипке келтирүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы) мындай аныктама берилет: ***Каада-салт*** – улуттук атуулга баалуу тарыхый ата-мурас адамдык асыл сапаттарды жана руханий-ыймандык, адеп-ахлактык, уят-абийирдик, ар-намыстык жүрүм-турумдун чыныгы адамдык маңыздарын ыйгаруучу элдик, улуттук жашоо-турмуштун салт-санаалык (башкы мыйзамдык) маанидеги маданий дөөлөттөрдүн жыйындысы. ***Үрп-адат*** – коомдун же өзүнчө коомдук топтордун жашоо-турмушундагы дин ишенимине жараша үй-бүлөлүк шарттарында муундан-муунга өтүүчү ата-мурастык кылык-жоруктарынын, пейил-адаттарынын укуктук, нарк-насылдык (укуктук-ченемдик) нормаларынын жыйындысы.

Элдик *каада-салт, үрп-адаттарга* кеңири трактовка-түшүндүрмө берип, аларды *классификациялоо* керек болсо, мына буларды айтууга туура келет. Элдик каада-салт, үрп-адаттарды кеңири анализден өткөргөн маалда аларды минтип классификациялоого болоору көрүндү: *Биринчи топко* баланы тарбиялоо ишине түздөн-түз тиешеси бар каада-салт, үрп-адаттар кирет. *Экинчи топко* элдин турмуш-тиричилигинде карманган каада-салт, үрп-адаттары кирет. *Үчүнчү топко* социалдык-маданий каада-салт, үрп-адаттар кирет. *Төртүнчү топко* эркектин үйлөнүү, кыздын турмушка чыгуу, турмуш куруу, очок булатуу түшүнүктөрүнө тиешелүү болгон каада-салт, үпр-адаттар. *Бешинчи топко* азыркы мезгилдин, учурдун каада-салт, үрп-адаттары кирсе. *Алтынчы топко* баатырдык-каармандык, патриоттук, мекенчилдик каада-салт, үрп-адаттар кирет. *Жетинчи топко* эмгек менен байланышкан каада-салт, үрп-адаттар. *Сегизинчи топко* көркөм өнөрдөгү (искусство) каада-салт, үрп-адаттар кирет. *Тогузунчу топко* элдин диний ишенимдерине тиешелүү болгон каада-салт, үрп-адаттары. *Онунчу топко* үй-бүлөлүк турмушка тиешелүү каада-салт, үрп-адаттар кирет. *Он биринчи топко* музыкалык салт-адаттар. *Он экинчи топко* аскердик каада-салт, үрп-адаттар кирет. *Он үчүнчү топко* чарбалык каада-салт, үрп-адаттар. *Он төртүнчү топко* аңчылыка байланышкан каада-салт, үрп-адаттар кирет жана *он бешинчи топко* майрамдык каада-салт, үрп-адаттар кирет. Балким, элдик каада-салттар менен урп-адаттардын мындан башка да түрлөрү, типтери бар чыгар, алар жөнүндө изилдөөбүзхдүн жүрүшүндө кошумча маалымат жыйнап, толуккандуу классификацияны кийин кошумчалайбыз. Кантсе да алар тарбиялоонун эң бир оптималдуу каражаты катары этнопедагогика илиминде, айрыкча, соңку жыйырма жыл аралыгында көп айтылып, жазылып жүрөт. Ошентсе да элдик каада-салт, үрп-адаттар аркылуу тарбиялоонун педагогикалык негиздери илимий адабияттарда көп берилбегени менен тарбия системасында ушул бүгүнкү күнгө чейин эң актуалдуу проблемалардын бири катары жашап келе жатат.

Кыргызстанда соңку жыйырма жыл аралыгында ийгиликтүү иштеп, бул өлкөнүн билим берүү жана тарбия тармагына өзүнүн бараандуу салымын кошуп келе жаткан Кыргыз – түрк лицейлеринин тарбия иш процесстеринин негизинде байкала жүргөн тажрыйбаны пайдаланып, эки элдин каада-салт, үрп-адаттарынын негизинде берилип жаткан тарбия процесси тууралуу ой бөлүшөбүз.

Элдик каада-салт, үрп-адаттар аркылуу тарбия берүү дегенде биз эмнени түшүнүнөбүз? Окуучулардын аң-сезиминде мектеп курагынан баштап эле улуттук баалуулуктардын калыптануусу билим берүү, окутуп – тарбиялоо процесси аркылуу

жүргүзүлсө, андай тарбия үй-бүлөлүк, адеп-ахлактык, гумандуу, эстетикалык, эмгек, экономикалык, экологиялык жана мекенчилдик тарбиянын нормаларына ылайык келген таризде жүргүзүлсө, ошону менен бирге, элдин кылымдар бою калыптанып келген таасир этүү, тарбия берүү нормаларынын алкагында жүргүзүлсө – мына ошону биз элдик каада-салт, үрп-адаттар аркылуу тарбия берүү деп түшүнөбүз. Анан, албетте, андай тарбия баланын ар тараптан гармониялуу өнүгүшүнө ылайыкталгандай болушу шарт.

Ал эми каада-салт, үрп-адаттар дегенде биз эмнени түшүнүшүбүз керек? Бул проблемага тигил же бул багытта түз жана кыйыр тиешеси бар адабияттарды, илимий-теориялык эмгектерди караганда, аларда мындай түшүнүктөрдүн камтылганына ынандык. Илимий адабияттарда бул түшүнүктүн бири экинчиси менен тыгыз байланышта болгон беш өзгөчөлүгү белгиленет:

Биринчиси, аада-салт – элдин кылымдар бою жыйнаган турмуштук тажрыйбасынан топтолгон, анын ишенимдеринин, эмгек ишмердүүлүгүнүн натыйжасында калыптанып олтурган көндүм-адаттары, ырым-жырымдары, урп-адаттары.

Экинчиси, каада-салттар жана үрп-адаттар – көп катмарлуу, көп тармактуу социалдык көрүнүш, адатта ал ошол элдин социомаданий жетишкендиктери катары көрүнүп, бүтүндөй бир элдин же анын ичиндеги конкреттүү бир инсандын, адамдын же бүтүндөй адамзаттын руханий жетишкендиктерин, руханий өнүгүшүн чагылдырып турат.

Үчүнчүсү, каада-салт менен үрп-адаттар – мезгилдин күзгүсү. Каада-салт, үрп-адаттарды карап, аларды кеңири талкууга алуу менен бүтүндөй бир конкреттүү доордун, формациянын экономикалык, тарыхый жана руханий жашоо образын, түзүлүшүн билүүгө болоор эле.

Төртүнчүсү, каада-салт менен үрп-адаттардын көптөгөн ар кандай түрлөрү бар: турмуш-тиричиликке байланышкан каада-салт, үрп-адаттар, булар барып-келип элдин баланы тарбиялоо ишмердүүлүгү менен тыгыз байланышат; социалдык-маданий жаңы каада-салт менен урп-адаттар. Тил менген аң-сезим сыяктуу эле каада-салт менен үрп-адаттар адамдарга гана мүнөздүү болуп, адамдын, коомдун жана адамзаттын турмушу менен байланышкан. Демек, коомдун толукандуу катышуусу менен гана түптөлүп отуруучу көрүнүш экен.

Бешинчиси, каада-салт менен урп-адаттар тигил же бул жеке инсанга, же болбосо жалпы массага тиешелүү көрүнүш.

Ырас, каада-салт, үрп-адаттардын мындан башка да түшүндүрмөлөрү бар. Ал эми биз болсо, мында түшүнүктүн илимий адабияттарда, тагыраак айтканда, философияда, социологияда жана этнографияда трактовкаланып берилишин гана мисалга тарттык. Түшүнүктүн биз изилдемекчи болгон илимий жоболоруна ылайык аныктамасын айтчу болсок, минтип түшүндүрөөр элек:

Каада-салт – бир муундан экинчисине тынымсыз берилип туруучу кылымдар бою тарыхый жактан такшалган, текшерилген, калыпка салынган социалдык нормалар менен принциптер. Үрп-адаттар – тигил же бул элге, этноско, улутка тиешелүү болгон тарыхый жол менен калыптанган, бир калыпта кайталанып туруучу туруктуу система, ал коомдун ар бир мүчөсүнүн өз ара карым катышын тескеп турган социалдык норма түрүндө жашайт да, инсандын негизги руханий-адеп-ахлактык касиет-белгилерин калыптандырат, мындай процесс элдин карманган моралдык баалуулуктарына, ишенимдери менен түшүнүктөрүнө жана кулк-мүнөзүнө, идеалдарына ылайык келиши керек.

Эми мектеп жашындагы окуучуларды элдик каада-салттар жана үрп-адаттар аркылуу тарбиялоонун педагогикалык процессине келели. Биздин жеке ишенимибизде, педагогикалык мындай процесс, башкача айтканда, окуучуларды элдик каада-салттар жана үрп-адаттар аркылуу тарбиялоонун педагогикалык процесси өзүнүн ички структурасы боюнча мына буларды камтышы керек: мектептеги тарбия иштеринин жалпы педагогикалык жана методикалык системанын мазмуну жана формасы; тарбиялоонун методдору менен каражаттарынын бүтүндөй системасын ошол мугалимдер менен тарбиячылар тарабынан кылдат өздөштүрүлүшү; тарбия иштеринин максаттуу

жүргүзүлүшүнүн формаларынын аныкталышы; тарбия иштеринин субъектисинин жана объектисинин функцияларынын максаттуу аткарылышы; элдик каада-салт, үрп-адаттар аркылуу тарбиялоонун ар түрдүү моделдерин реализациялоонун жана алардын долбоорлорунун үлгүлөрүн, методдорун иштеп чыгууда мугалимдер менен тарбиячылардын биргелешкен иш-аракеттери; мугалимдер менен тарбиячылар тарабынан окуучуларынын этномаданий компетенцияларынын, билимдери менен билгичтиктеринин, түшүнүктөрүнүн аныктоо боюнча мониторинг жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрү, аларды жүргүзүүнүн натыйжалуу жолдору менен методдорунун, формалары менен каражаттарынын комплекстүү иштелип чыгышы; мугалимдер менен тарбиячылар тарабынан окуучуларын – тарбиялануучуларын элджик каада-салт, үрп-адаттар аркылуу тарбиялоодо өздөрүнүн личностук-профессионалдык жактан калыптанганынын, өнүгүшүнүн абалы; өздөрүнүн андай даярдыктарынын окуучуларына өткөрүп берүүдө, тарбия иштерин жүргүзүүдө методикалык билим-билгичтиктердин комплексин ыктуу өздөштүрүүсү, аларды натыйжалуу пайдалана билүүлөрү; педагогикалык иш-аракеттердин билгичтик менен натыйжалуу пайдалануусу.

Албетте, булар ар бир мугалим менен тарбиячыдан кыйла татаал түйшүктөрдү талап кылаары белгилүү. Педагогикалык жана жеке методикалык мындай иш-аракеттер өз ичине эмнелерди камтышы керек? Баарынан мурда педагогдун профессионалдык компетентүүлүгүн жогорку деңгээлде болушу жана “тарбиячынын өзүнүн тарбиялуу болушу”, анын элдик каада-салт, үрп-адаттар менен кеңири түшүнүгүнүн болушу талап кылынат. Мындан сырткары биз изилдөө ишибиздин жүрүшүндө иштеп чыккан методикалык комплекстүү методдор менен формалар, каражаттар бүтүндөй бир бирдиктүү система катары каада-салт менен үрп адаттардын нукура элдик тарбиянын калыптанып келе жаткан системасына таянат. Буга ылайык мугалимдер менен тарбиячылардын таасир этүүнүн жана тарбиялоонун педагогикалык да элдик да ык-амалдарын, формалары менен каражаттарын максатуу, билгичтик менен жүргүзүүсүн талап кылат. Тарбия ишмердүүлүгүнүн практикасында илгертен калыптанып калган педагогикалык система катары ар тараптан гармониялык өнүккөн инсанды (ал эми бүгүнкү талаптарга ылайык мекенин сүйгөн, мекенчил инсанды) тарбиялоонун педагогикалык каражаттарын максаттуу колдонушу, талашсыз, биринчи пландагы маселе катары турат.

Биз изилдөө ишибиздин эксперименталдык базасы катары Кыргызстандын аймагында соңку жыйырма жыл аралыгында ийгиликтүү иштеп жаткан Кыргыз-түрк лицейлерин алып, андагы тарбиячылардын педагогикалык ишмердүүлүгүнө, андагы жүргүзүлүп жаткан тарбия процессине мониторинг жүргүзүп, ошого багытталган иштерди алып барабыз. Андыктан элдик каада-салт, үрп-адаттар аркылуу тарбиялоонун биз колдонуп жаткан формалары тууралуу маалыматтарыбызды ортого салуу максатка ылайык.

Тажрыйбалык-эксперимент иштеринин баштапкы калыптандыруучу мезгилинде алгач кыргыз элинин каада-салттары менен урп-адаттарынын окуучулар тарабынан канчалык деңгээлде маалыматы бар экени, буга удаа эле улуту түрк тарбиячылардын окуучуларына айтып берген, үйрөткөн түрк элинин каада-салттары менен үрп-адаттарын окуучулар, тарбиялануучулар канчалык деңгээлде өздөштүрүп алышкан сыяктуу маселелердин абалы менен тааныштык. Бул иште айрыкча, сабактардан тышкаркы иштер – көркөм-музыкалык (концерттер) жана театрлаштырылган кечелер, жатаканаларда уюштурулган таймаш-диспуттар, ар кандай көргөзмө-презентациялар, оюн-зоок кечелери педагогикалык аныктоонун негизги фактору болду. Мындай иш-чараларда окуучулар эки элджин маданияты боюнча жыйнаган маалыматтарын, билимдери менен билгичтиктерин максималдуу пайдаланышып, каада-салт, үрп-адаттарда окшош жагдайлар менен кошо эле кескин айырмачылыктар бар экенине ынанып келишет.

Кыргызстандагы Кыргыз-түрк лицейлеринин окуучуларына эки элдин каада-салт, үрп-адаттары аркылуу тарбия берүү процессинин педагогикалык шарттары катары

төмөнкүлөрдү айтууга болот: Сөз болуп жаткан маселеге түз жана кыйыр тиешеси болгон илимий адабияттарды терең өздөштүрүүнүн натыйжасында жана Кыргыз-түрк лицейлеринде жүргүзүлүп жаткан тарбия иштеринин тажрыйбасын терең үйрөнүүнүн натыйжасында бизге эки элдин каада-салттары менен үрп-адаттары аркылуу тарбия берүүнүн төмөнкүдөй педагогикалык шарттарын белгилөөгө мүмкүнчүлүк берди. Алар: *мазмундук шарттар* – эки элдин каада-салт, үрп-адаттары боюнча этномаданияттык метериалдарды лицейлердин педагогикалык жана социалдык курстарына (окуу жана тарбия процессине) батыл киргизүү, айрыкча, тарбия иштеринин каражаттарынын системасына киргизүү; *уюштуруучулук шарттар* – лицейлердин мугалимдери менен тарбиячыларынын сабактарда жана тарбия процессинде колдонуучу методдор менен формалардын ар түрдүү ыкмаларын реализациялоосунун каада-салт, урп-адаттарга багытталган педагогикалык шарттары; *методикалык шарттар* – окуу-методикалык комплекстердин каражаттарынын жардамы менен окуучуларга каада-салт, үрп-адаттар тууралуу маалымат берүүнүн жана тарбиялоонун педагогикалык процессин камсыз кылуу. Мындай изилдөөлөрдү жүргүзүү ишинде бизге же болбосо башка изилдөөчүлөргө кайсыл методологиялык жоболор кызмат кылышы мүмкүн?

1. Элдик түшүнүктөрдө жашап келе жаткан “каада-салт”, “үрп-адат” түшүнүктөрүнүн ички маани-маңызын чечмелеген элдик философиялык концепциялар.
2. Кыргыз жана түрк утуттарынын каада-салттары менен үрп-адаттарын кеңири түшүндүргөн этномаданий, этнология жана этнографиялык илим концепциялары.
3. Элдик каада-салт, үрп-адаттар аркылуу тарбиялоонун мазмунун, формалары менен каражаттарын кеңири изилдеген этнопедагогиканын илимий концепциялары.
4. Мектеп окуучуларына кеңири жана максатуу тарбия берүүдө элдик каада-салттар менен урп-адаттардын максат-милдеттери, мүмкүнчүлүктөрү, функциялары менен структурасы.
5. Окуучуга билим жана тарбия берүүнүн илимий-педагогикалык концепциялары. Коомдук система аркылуу тескелип (регулировкаланып) турган турмуштук чындактын өзүн өздөштүрүүдөгү системдүү-структуралык мамилелер.
6. Окуучуларга тарбия берүүнүн коомдук жана моралдык милдетин алган тарбиячылардын педагогикалык даярдалышынын идеялары менен концепциялары.
7. Улуттук спецификалык өзгөчөлүктөргө ылайык тарби берүүнүн ички талапьтарына ылайыкталган педагогикалык ишмердүүлүктүн теориялык жана практикалык жоболору. Тарбия ишинин теориясы менен методикасынын учурда иштелип чыккан жоблору менен заманбап концепциялары.
8. Окуу жана тарбия процессин жүргүзүп жаткан Кыргыз-түрк лицейлериндеги педагогикалык процесс.

Ошентип, мектеп курагындагы жаш өспүрүмдөргө элдик каада-салттар менен үрп-адаттар аркылуу тарбия берүүнүн педагогикалык түйшүктүү, бир жагынан, экинчи жагынан, абдан эле кызыктуу процесси андай тарбияны жүргүзүп жаткан тарбиячыга да, окуучуга билим берип жаткан мугалимге да, андай тарбиянын субъектиси болгон окуучуга да, ал эми объектиси болгон элдик каада-салт, үрп-адаттардын өзү да этнопедагогикалык жоболорго кылдат таянылышын талап кылган педаглгикалык татаал процесс экен.

**Адабияттар:**


1. “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк каада-салттарды, үрп-адаттарды, ырым-жырымдарды жана майрамдык салтанаттарды тартипке келтирүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору.
2. Алимбеков А. Кыргыз элинде тарбия салты кандай эле? //Эл агартуу. -1998, № 5-6. -46-52-беттер.
3. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. –Бишкек: Педагогика,

2001. -44 б.
4. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. Биринчи бөлүк. –Бишкек, 1996. -69 б.
5. Акматалиев А. Каада-салт: адамдык оң – терс сапат. –Бишкек: Бийиктик, 2002. -400 б.
6. Айтымбетова Д. Жаштарды тарбиялоодогу ыйман-ынсап маселелери. //Билим жана тарбия. -2006, 1 (7). -61-63-беттер.